КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XI сессиясы**

**Токтом № 41**

**Сүлүктү шаары** **18-март 2022-жыл**

**Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн 2021-жылга аткарган иштери боюнча маалыматы жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн башчысы С.Калакуловдун Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн 2021-жылга аткарган иштери боюнча маалыматын жана шаардык кеңештин муниципалдык менчик, курулуш жана архитектура боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап 20.10.2021ж. №123 Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2 пунктунун, 15.03. 2002-ж. N 37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 19 беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн башчысы С.Калакуловдун Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн 2021-жылга аткарган иштери боюнча маалыматы кабыл алынсын
2. Сүлүктү шаарынын мэри М.Кадыркуловго жана Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн башчысы С.Калакуловго милдеттендирилсин:

- Муниципалдык менчик объекттеринин реестрин жүргүзүү
- шаардын жерлерин жана муниципалдык менчиктин объекттерин сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;
- Ижарага берилген жер тилкелеринин ижара акыларын төлөбөгөн мекеме ишканалар боюнча мыйзам чегинде чараларды көрүү;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин муниципалдык менчик, курулуш жана архитектура боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага К.Мадаминов

Сүлүктү шаардык
кеңеши
Катталд 01-263 Баракта
18 03 2022г
Концелярияга кайтып
берүүгө тийиш